# INTERNATIONAL STANDARD ON AUDITING 560
# ОТЧЕТТУК КҮНДӨН КИЙИНКИ ОКУЯЛАР

(Effective for audits of financial statements for periods beginning on or after December 15, 2009)

## CONTENTS

Paragraph


**Киришүү**

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ............................................... 1

Отчеттук күндөн кийинки окуялар .................................................. 2

Күчүнө кирүү күнү ........................................................................ 3

**Максаттар** ........................................................................................ 4

**Аныктамалар** ...................................................................................... 5

**Requirements**

Отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган окуялар...................................................................... 6–9

Аудиторго аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин белгилүү болгон фактылар 10–13

Аудиторго финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин белгилүү болгон фактылар ...................................................................................... 14–17

**Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар**

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ............................................... A1

Аныктамалар ...................................................................................... A2–A5

Отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган окуялар...................................................................... A6–A10

Аудиторго аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин белгилүү болгон фактылар A11–A17

Аудиторго финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин белгилүү болгон фактылар ...................................................................................... A18–A20

Аудиттин эл аралык стандарты (АЭС) 560 «*Отчеттук күндөн кийинки окуяларды*» АЭС 200 *«Көз карандысыз аудитордун негизги максаттары жана аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүзүү»* менен бирге кароо керек.

ISA

# Киришүү

## Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Аудиттин эл аралык стандарты (АЭС) финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүүдө отчеттук күндөн кийинки окуяларга карата аудитордун милдеттерин белгилейт. Анда АЭС 720да (кайра каралган)[1] каралуучу аудитордук корутундунун күнүнөн кийин алынган башка маалыматтарга тиешелүү аудитордун милдеттерине таандык маселелер каралбайт. Бирок ушундай башка маалымат ушул стандартта каралуучу отчеттук күндөн кийинки окуяларды таанууга алып келиши мүмкүн (А1-пунктун караңыз).

## Отчеттук күндөн кийинки окуялар

2. Финансылык отчеттуулукка отчеттук күндөн кийин орун алган белгилүү бир окуялар таасир этиши мүмкүн. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун көптөгөн концепцияларынын алкагында ушундай окуялар өзгөчө каралат.[2] Финансылык отчеттуулукту даярдоонун ушундай концепцияларына ылайык адатта эки типтеги окуялар көрсөтүлөт:

   (a) отчеттук күнгө карата болгон жагдайлар жөнүндө күбөлөндүрүүчү окуялар; жана

   (b) отчеттук күндөн кийин келип чыккан жагдайлар жөнүндө күбөлөндүрүүчү окуялар.

   АЭС 700дө аудитордук корутундунун күнү пайдалануучуларга аудитор өзүнө белгилүү болуп калган жана ушул күнгө чейин болгон окуялардын жана операциялардын таасирин карагандыгы жөнүндө маалымдагандыгын түшүндүрөт.[3]

## Күчүнө кирүү күнү

3. Бул стандарт 2009-жылдын 15-декабрынан тартып же ушул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн финансылык отчеттуулукка аудитке карата күчүнө кирет.

# Максаттар

---

[1] АЭС 720 (кайра каралган) «*Аудитордун башка маалыматка тиешелүү милдеттери*»

[2] Мисалы, «*Отчеттук күндөн кийинки окуялар*» финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартында (IAS) 10 финансылык отчеттуулукта отчеттук күн (ФОЭС (IAS)та «отчеттук мезгилдин аякташынын күнү» деп аталуучу) менен финансылык отчеттуулукту чыгарууну жактыруу күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган окуяларды чагылдыруу тартиби каралат.

[3] АЭС 700 (кайра каралган) «*Финансылык отчеттуулук жөнүндө пикирди калыптандыруу жана корутундуну түзүү*»

4. Аудитордун максаты төмөнкүлөрдө камтылган:

(a) отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосунда орун алган жана финансылык отчеттуулукта маалыматты оңдоону же ачып көрсөтүүнү талап кылган окуялар финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык ушул финансылык отчеттуулукта тиешелүү түрдө чагылдырылгандыгы боюнча жетишээрлик тиешелүү аудитордук далилдерди алуу; жана

(b) аудитор аудитордук корутундунун күнүнөн кийин билген жана андан улам аудитор, эгерде алар ушул корутундуну түзүү күнүнө карата ага белгилүү болсо, аудитордук корутундуну өзгөртүшү мүмкүн болгон фактыларга жооп катары тиешелүү иш-аракеттерди көрүү.

## Аныктамалар

5. Аудиттин эл аралык стандарттарынын максаттары үчүн терминдер төмөндө келтирилген маанилерге ээ:

(a) отчеттук күн - финансылык отчеттуулукта чагылдырылган соңку мезгил аяктаган күн;

(b) финансылык отчеттуулукту чыгаруу үчүн бекиткен күн - финансылык отчеттуулуктун курамына кирген бардык отчеттор, анын ичинде тиешелүү эскертүүлөр даярдалган жана зарыл ыйгарым укуктарга ээ жактар алар ушул финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алгандыгын билдирген күн (А2-пунктун караңыз);

(c) аудитордук корутундунун күнү – аудитор АЭС 700гө ылайык финансылык отчеттуулук боюнча өзүнүн корутундусуна койгон күн (А3-пунктун караңыз);

(d) финансылык отчеттуулук чыгарылган күн – үчүнчү тараптар аудитордук корутундуну жана аудиттен өткөн финансылык отчеттуулукту алган күн. (А4–А5- пункттарын караңыз);

(e) отчеттук күндөн кийинки окуялар – отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган окуялар, ошондой эле аудитордук корутундунун күнүнөн кийин аудиторго белгилүү болгон фактылар.

## Талаптар

ISA

**Отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган окуялар**

6. Аудитор отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган жана финансылык отчеттуулукта маалыматты оңдоону же ачып көрсөтүүнү талап кылган бардык окуяларды аныктоону ырастоочу талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдерди алуу үчүн арналган аудитордук жол-жоболорду аткарууга милдеттүү. Мында аудитор мурда аткарылган аудитордук жол-жоболордун натыйжасында негизделген тыянактар алынган маселелер боюнча кошумча аудитордук жол-жоболорду аткарышы керектиги болжолдонбойт (А6-пунктун караңыз).

7. Аудитор жол-жоболор отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилди камтыгандай түрдө 6-пункттун талаптарына ылайык жол-жоболорду аткарууга милдеттүү. Ушундай аудитордук жол-жоболордун мүнөзүн жана көлөмүн аныктоодо аудитор тобокелдиктерди өзүнүн баалоосун эске алууга милдеттүү, анын ичинде ал төмөнкүлөрдү кылышы керек (А7–А8-пункттарын караңыз):

   (a) отчеттук күндөн кийинки окуяларды аныктоо үчүн арналган жетекчилик тарабынан белгиленген ар кандай жол-жоболорду түшүнүү;

   (b) жетекчиликтен жана орундуу болгон учурда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан финансылык отчеттуулукка таасир этиши мүмкүн болгон отчеттук күндөн кийинки кандайдыр бир окуялар орун алгандыгы же албагандыгы тууралуу маалыматты суратуу (А9-пунктун караңыз);

   (c) отчеттук күндөн кийин ишкананын менчик ээлеринин, жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын катышуусунда өткөрүлгөн отурумдардын протоколдору (болсо) менен таанышуу жана протоколдору али даяр боло элек отурумдарда кайсы маселелер талкуулангандыгы тууралуу маалыматты суратуу (А10-пунктун караңыз);

   (d) отчеттук күндөн кийин ишкананын акыркы аралык финансылык отчеттуулугу менен таанышып чыгуу (ушундай отчеттуулук болгон учурда).

8. Эгерде 6 жана 7-пункттардын талаптарына ылайык аткарылган жол-жоболордун натыйжасында аудитор финансылык отчеттуулукта маалыматты оңдоп-түзөтүүнү же ачып көрсөтүүнү талап кылуучу окуяларды аныктаса, ал ушундай ар бир окуя финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык

финансылык отчеттуулукта тиешелүү түрдө чагылдырылгандыгын белгилеши керек.

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр

9. Аудитор жетекчиликтен жана орундуу болгон учурда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү суратууга милдеттүү, алар бул билдирүүлөрдү отчеттук күндөн кийин орун алган жана финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык финансылык отчеттуулукта маалыматты түзөтүү же ачып көрсөтүү талап кылынган бардык окуялар боюнча маалыматка зарыл түзөтүүлөр киргизилгендигин жана маалымат ачып көрсөтүлгөндүгүн ырастоо катары АЭС 580дин 4 талаптарына ылайык бериши керек.

Аудиторго аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин белгилүү болгон фактылар

10. Аудитор аудитордук корутундунун күнүнөн кийин финансылык отчеттуулук боюнча кандайдыр бир аудитордук жол-жоболорду аткарууга милдеттүү эмес. Эгерде аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин аудиторго бир факт белгилүү болуп жана ушул факт ага ушул корутундуну түзүү күнүнө карата белгилүү болгондо ал аудитордук корутундуну өзгөртүшү мүмкүн болгон учурда, аудитор төмөнкүлөргө милдеттүү (А11-А12-пункттарын караңыз):

   (a) ушул маселени жетекчилик жана эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен талкуулоого;

   (b) эгерде талап кылынса финансылык отчеттуулукка тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү керек же керек эместигин белгилөөгө;

   (c) жетекчилик финансылык отчеттуулукту түзүүдө ушул маселени кантип эске алышы керектиги жөнүндө суроо-талап жөнөтүүгө.

11. Эгерде жетекчилик финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөрдү киргизсе, аудитор төмөнкүлөрдү жасашы керек:

   (a) киргизилген өзгөртүүлөргө карата ушундай жагдайларда талап кылынуучу аудитордук жол-жоболорду аткаруу;

   (b) 12-пунктта көрсөтүлгөн жагдайлар орун алган учурлар кирбейт:

ISA

[4] АЭС 580 «*Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*».

(i) 6 жана 7-пункттарда көрсөтүлгөн аудитордук жол-жоболор менен камтылуучу мезгилди жаңы аудитордук жол-жобонун күнүнө чейин узартуу; жана

(ii) өзгөртүүлөр киргизилген финансылык отчеттуулук жөнүндө жаңы аудитордук корутундуну берүү. Жаңы аудитордук корутунду өзгөртүлгөн финансылык отчеттуулукту чыгарууга бекитүү күнүнөн кыйла эрте число менен күн коюлбашы керек.

12. Эгерде мыйзамдарга, ченемдик актыларга же финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясына ылайык жетекчиликке ушул өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылуучу отчеттук күндөн кийинки окуянын же окуялардын жыйынтыктарынын чагылдырылышы менен гана финансылык отчеттуулукта өзгөртүүлөрдү чектөөгө тыюу салынбаса, ал эми финансылык отчеттуулукту бекитүүгө жооптуу жактарга ушул өзгөртүүлөрдү гана бекитүү менен чектелүү тыюу салынбаса аудиторго 11(b)(i)-пунктунда көрсөтүлгөн отчеттук күндөн кийинки окуялар боюнча аудитордук жол-жоболорду ушул өзгөртүүлөр боюнча гана жол-жоболор менен чектөөгө уруксат берилет. Мындай учурларда аудитор төмөнкүлөрдү жасашы керек:

(a) аудитордук корутундуга өзгөртүүлөрдү киргизип, анда отчеттуулукка киргизилген өзгөртүүлөргө гана тиешелүү кошумча күндү көрсөтүп, аны менен аудитор отчеттук күндөн кийинки окуялар боюнча жол-жоболорду финансылык отчеттуулукка тиешелүү эскертүүлөрдө баяндалган финансылык отчеттуулуктагы өзгөртүүлөр боюнча жол-жоболор менен гана чектегендигин көрсөтүү керек; же болбосо (A13-пунктун караңыз)

(b) жаңы аудитордук корутундуну же өзгөртүлгөн аудитордук корутундуну берүү, ал «Маанилүү жагдайлар»[5] же «Башка маалыматтар» бөлүмдөрүндө отчеттук күндөн кийинки окуялар боюнча аудитордук жол-жоболор финансылык отчеттуулукка тиешелүү эскертүүлөрдө баяндалган финансылык отчеттуулуктагы өзгөртүүлөр боюнча жол-жоболор менен гана чектегендиги тууралуу билдирүүнү камтыйт.

13. Кээ бир юрисдикцияларда мыйзамдарга, ченемдик актыларга же финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясына ылайык жетекчиликтен киргизилген өзгөртүүлөр менен финансылык отчеттуулукту чыгаруу талап кылынбашы мүмкүн, андыктан, аудитор өзгөртүлгөн аудитордук корутундуну же жаңы аудитордук

[5] АЭС 706 (кайра каралган) «*Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусундагы «Маанилүү жагдайлар» жана «Башка маалыматтар» бөлүмдөрү*»..

корутундуну берүүгө милдеттүү эмес. Бирок аудитордун пикири боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынган жагдайларда жетекчилик финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөрдү киргизбеген учурда (А14–А15-пункттарын караңыз):

(a) эгерде аудитордук корутунду ишканага али бериле элек болсо, аудитор АЭС 705ке6 ылайык пикирди модификациялап жана андан соң аудитордук корутундуну бериши керек; же

(b) эгерде аудитордук корутунду ишканага эчак берилген болсо, аудитор жетекчиликке, ошондой эле корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга (корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү бардык жактар ишкананы башкарууга катышкан учурларды кошпогондо) алар финансылык отчеттуулукка зарыл өзгөртүүлөр киргизилмейинче, үчүнчү жактарга арналган финансылык отчеттуулукту чыгарбашы керектиги тууралуу билдириши керек. Эгерде финансылык отчеттуулук натыйжада зарыл өзгөртүүлөрдү киргизбестен чыгарылса, аудитор аудитордук корутундуну колдонууга жол бербөө үчүн тиешелүү чараларды көрүшү керек (А16–А17-пункттарын караңыз).

**Аудиторго финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин белгилүү болгон фактылар**

14. Финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин аудитор ушул финансылык отчеттуулукка карата кандайдыр бир аудитордук жол-жоболорду аткарууга милдеттүү эмес. Эгерде финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин аудиторго бир факт белгилүү болуп жана ушул факт ага ушул корутундуну түзүү күнүнө карата белгилүү болгондо ал аудитордук корутундуну өзгөртүшү мүмкүн болгон учурда, аудитор төмөнкүлөргө милдеттүү:

(a) ушул маселени жетекчилик жана эгерде орундуу болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен талкуулоого;

(b) эгерде талап кылынса финансылык отчеттуулукка тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү керек же керек эместигин белгилөөгө,

(c) жетекчилик финансылык отчеттуулукту түзүүдө ушул маселени кантип эске алышы керектиги жөнүндө суроо-талап жөнөтүүгө (А18-пунктун караңыз)

15. Эгерде жетекчилик финансылык отчеттуулукка өзгөртүү киргизсе, аудитор төмөнкүлөрдү жасашы керек (А19-пунктун караңыз):

---

6 АЭС 705 (кайра каралган) «Көз карандысыз аудитордун *аудитордук корутундусундагы модификацияланган пикир*»



ISA

(a) киргизилген өзгөртүүлөргө карата ушундай жагдайларда талап кылынуучу аудитордук жол-жоболорду аткаруу;

(b) аудитордук корутунду менен мурда чыгарылган финансылык отчеттуулукту алган ар бир жакка келип чыккан кырдаал жөнүндө маалымдоо үчүн жетекчилик тарабынан көрүлгөн иш-аракеттерге талдоо жүргүзүү;

(c) 12-пунктта көрсөтүлгөн жагдайлар орун алган учурлар кирбейт:

(i) 6 жана 7-пункттарда көрсөтүлгөн аудитордук жол-жоболор менен камтылуучу мезгилди жаңы аудитордук жол-жобонун күнүнө чейин узартуу жана жаңы аудитордук корутундуну өзгөртүлгөн финансылык отчеттуулукту чыгарууга бекитүү күнүнөн кыйла эрте число менен күн коюу; жана

(ii) өзгөртүлгөн финансылык отчеттуулук боюнча жаңы аудитордук корутундуну берүү;

(d) 12-пунктта көрсөтүлгөн жагдайлар болгон учурда аудитордук корутундуну модификациялоо же 12-пункттун талаптарына ылайык жаңы аудитордук корутундуну берүү

16. Аудитор жаңы же өзгөртүлгөн аудитордук корутундуга финансылык отчеттуулукка эскертүүгө шилтеме келтирүү менен «Маанилүү жагдайлар» же «Башка маалыматтар» бөлүмдөрүн киргизүүгө милдеттүү, ал эскертүүдө мурда чыгарылган финансылык отчеттуулукту өзгөртүүнүн жана мурда аудитор берген корутундуга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн себептери кыйла кенен берилген.

17. Эгерде жетекчилик мурда чыгарылган финансылык отчеттуулукту алган ар бир жакка келип чыккан кырдаал жөнүндө маалымдоо үчүн зарыл иш-аракеттерди көрбөсө жана аудитордун пикири боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл болгон жагдайларда финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөрдү киргизбесе, анда аудитор жетекчиликке жана орундуу болгон учурда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга (корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү бардык жактар ишкананы башкарууга катышкан учурларды кошпогондо),[7] ал келечекте аудитордук корутундунун колдонулушуна жол бербөө үчүн чараларды көрө тургандыгы жөнүндө билдириши керек. Эгерде ушундай билдирүүгө карабастан жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар аталган зарыл чараларды көрбөсө, аудитор аудитордук корутундунун колдонулушуна жол бербөө

[7] АЭС 260 «*Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү*», 13-пункт

үчүн тиешелүү иш-аракеттерди көрүүгө милдеттүү (А20-пунктун караңыз).

***

## Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

**Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү** (1-пунктту караңыз)

А1. Эгерде финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин аудиттен өткөн финансылык отчеттуулук башка документтердин курамына киргизилсе (АЭС 720нын (кайра каралган) алкагында каралуучу жылдык отчеттон башка), аудитордо ал карап чыгышы керек болгон отчеттук күндөн кийинки окуялар менен байланышкан кошумча милдеттер келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, ал баалуу кагаздар сатууга сунушталган юрисдикцияда баалуу кагаздарды ачык сунуштоону караган укуктук же ченемдик талаптарды эске алышы керек. Мисалы, аудитордон баалуу кагаздардын проспектисинин акыркы вариантын чыгаруу күнүнө чейинки мезгилде кошумча аудитордук жол-жоболорду аткаруу талап кылынышы мүмкүн. Ушундай жол-жоболордун катарына 6 жана 7-пункттарда көрсөтүлгөн, баалуу кагаздардын проспектисинин акыркы варианты күчүнө кирген күнгө же ушул күнгө жакынкы күнгө чейинки мезгилде аткарылган жол-жоболор, ошондой эле баалуу кагаздардын проспектиндеги башка маалымат аудитор ассоциацияланган финансылык маалыматка шайкеш келээрин же келбей тургандыгын баалоо үчүн баалуу кагаздардын проспекти менен таанышуу кириши мүмкүн..[8]

**Аныктамалар**

*Финансылык отчеттуулукту чыгаруу үчүн бекитүү күнү* (5(b)-пунктун караңыз)

А2. Бир катар юрисдикцияда мыйзамдар же ченемдик акт менен финансылык отчеттуулуктун курамына кирген бардык отчеттордун, анын ичинде тиешелүү эскертүүлөрдүн даярдыгы жөнүндө акыркы чечим кабыл алуу үчүн жоопкерчилик жаткан жактар же органдар (мисалы, жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар) аныкталган жана бекитүүнүн зарыл тартиби каралган. Башка юрисдикцияларда мыйзамдарда же ченемдик актыларда бекитүү тартиби аныкталган эмес жана ишкана жетекчиликтин түзүмүнүн жана ушул ишканада башкаруунун өзгөчөлүктөрүн көңүлгө алып, финансылык отчеттуулуктун акыркы вариантын даярдоодо жана

[8] АЭС 200 «*Көз карандысыз аудитордун негизги максаттары жана Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудит жүргүзүү*», 2-пункт.

тариздөөдө өзүнүн жол-жоболорун сактайт. Кээ бир юрисдикцияларда финансылык отчеттуулукту акционерлердин акыркы бекитүүсү талап кылынат. Мындай юрисдикцияларда аудитор негизинде финансылык отчеттуулук жөнүндө аудитордук пикир түзө алган жетишээрлик тиешелүү аудитордук далилдер алынгандыгы тууралуу тыянак жасай алышы үчүн акционерлердин акыркы бекитүүсү талап кылынбайт. Аудиттин эл аралык стандарттарынын максаттары үчүн финансылык отчеттуулукту чыгаруу үчүн бекитүү күнү болуп төмөнкү күндөрдүн кыйла эртерээги саналат: тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ жактар финансылык отчеттуулуктун курамына кирген бардык отчеттор, анын ичинде тиешелүү эскертүүлөр даярдалгандыгын белгилеген күн же зарыл ыйгарым укуктарга ээ жактар ушул финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алгандыгын ырастаган күн.

*Аудитордук корутундунун күнү* (5(c)-пунктун караңыз )

A3. Аудитордук корутунду аудитор талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдерди алып, алардын негизинде ал финансылык отчеттуулук боюнча аудитордук пикирди түзө алган, анын ичинде финансылык отчеттуулуктун курамына кирген бардык отчеттор, анын ичинде тиешелүү эскертүүлөр даярдалгандыгы жана зарыл ыйгарым укуктарга ээ жактар ушул финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчиликти өздөрүнө алгандыгын ырастагандыгынын далилин алган күнгө салыштырмалуу кыйла эрте число менен күн коюлушу мүмкүн эмес.[9] Андыктан аудитордук корутунду 5(b)-пунктунда берилген аныктамага ылайык финансылык отчеттуулукту чыгарууга бекитүү күнүнөн кыйла эрте число менен күн коюлушу мүмкүн эмес. Административдик маселелерге байланыштуу 5(c)-пунктунда аныкталгандай аудитордук корутундунун күнү менен ишканага аудитордук корутундуну берүү күнүнүн ортосунда кандайдыр бир убакыт өтүшү мүмкүн.

*Финансылык отчеттуулук чыгарылган күн* (5(d)-пунктун караңыз)

A4. Финансылык отчеттуулукту чыгаруу күнү адатта ишкананын ишин жөнгө салуучу мыйзамга жараша болот. Кээ бир жагдайларда финансылык отчеттуулукту чыгаруу күнү болуп финансылык отчеттуулук жөнгө салуучу органга берилген күн саналат. Аудиттен өткөн финансылык отчеттуулук аудитордук корутундусуз чыгарылышы мүмкүн эмес болгондуктан, аудиттен өткөн финансылык отчеттуулукту чыгаруу күнү аудитордук корутундунун күнүнө салыштырганда эле эмес, ошондой эле аудитордук корутундуну

---

9 АЭС 700, 41-пункт. Кээ бир учурларда мыйзамдар же ченемдик актылар менен финансылык отчеттуулукту даярдоо процессинин алкагында бир учур аныкталып, ал учурга карата аудит болжол менен аякташы керек.

ишканага берүү күнү менен салыштырганда да кыйла эрте болбоого тийиш.

Мамлекеттик сектор ишканаларынын өзгөчөлүктөрү

A5. Мамлекеттик сектор ишканалары үчүн финансылык отчеттуулукту чыгаруу күнү катары аудиттен өткөн финансылык отчеттуулук жана ушул отчеттуулук боюнча аудитордук корутунду мыйзам чыгаруу органына берилген же башка түрдө ачык болгон күн болушу мүмкүн.

**Отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгилде орун алган окуялар (**6–9-пункттарды караңыз**)**

A6. Аудитордун тобокелдиктерди баалоосуна жараша 6-пунктка ылайык аткаруу керек болгон аудитордук жол-жоболор жетишээрлик тиешелүү аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл жол-жоболорду, анын ичинде отчеттук күн менен аудитордук корутундунун күнүнүн ортосундагы мезгил ичинде орун алган эсептер боюнча калдыктарды же операцияларды текшерүүнү же тестирлөөнү камтышы мүмкүн. 6 жана 7-пункттарга ылайык аткаруу талап кылынган аудитордук жол-жоболор аудитор башка максаттарда аткара алган жана отчеттук күндөн кийинки окуялар боюнча далилдерди бере алган жол-жоболорго кошумча катары өткөрүлөт (мисалы, отчеттук күнгө карата эсептер боюнча калдыктарга карата аудитордук далилдерди алуу үчүн өз учурунда чагылдырууну текшерүү же дебитордук карызды андан ары жоюу боюнча жол-жоболор сыяктуу жол-жоболор аткарылышы мүмкүн).

A7. Бул контексттен алганда 7-пунктта белгилүү бир аудитордук жол-жоболор каралган, аларды аудитор 6-пункттун талаптарына ылайык аткарышы керек. Бирок аудитор отчеттук күндөн кийинки окуялар боюнча аткарган жол-жоболор учурдагы маалыматка жана айрыкча отчеттук күндөн кийинки бухгалтердик эсептин маалыматтарынын даярдык деңгээлине жараша болот. Эгерде бухгалтердик эсептин маалыматтары актуалдуу болуп саналбаса жана аралык финансылык отчеттуулук даярдалбаса (ишкананын ичинде колдонуу үчүн да, тышкы пайдалануучулар үчүн да) же болбосо жетекчиликтин кеңешмелеринин же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жыйналыштарынын протоколдору даярдалбаса, банктык көчүрмөлөрдү кошо алганда, учурдагы бухгалтердик регистрлерди жана жазууларды инспекциялоонун аудитордук жол-жоболору өткөрүлүшү мүмкүн. A8-пунктунда аудитор ушул жол-жоболорду аткаруунун жүрүшүндө карашы мүмкүн болгон кээ бир кошумча маселелердин мисалдары келтирилген.

ISA

A8. 7-пунктка ылайык өткөрүлүшү керек болгон аудитордук жол-жоболорго кошумча катары аудитор төмөнкүлөрдү зарыл жана тиешелүү деп эсептеши мүмкүн:

- ишкананын бюджетинин акыркы маалыматтары, акча каражаттарынын агымдарынын божомолдору жана отчеттук күндөн кийинки мезгил ичиндеги жетекчиликтин башка тиешелүү отчеттору менен таанышып чыгуу;
- дооматтар жана соттук териштирүүлөр боюнча ишкананын юристтерине буга чейинки оозеки же жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарды жөнөтүү же жаңылоо; же
- башка аудитордук далилдерди ырастоо, демек талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдерди алуу үчүн отчеттук күндөн кийинки окуялар боюнча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алуу зарылдыгы жөнүндө маселени карап чыгуу.

*Суроо-талап* (7(b)-пунктун караңыз)

A9. Жетекчиликке жана орундуу болгон учурда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга финансылык отчеттуулукка таасир этүүгө жөндөмдүү отчеттук күндөн кийинки кандайдыр бир окуялар орун алгандыгы же албагандыгы тууралуу суроо-талап жөнөтүүдө, аудитор алдын ала же акыркы эмес маалыматтардын негизинде эсеби ишке ашырылган статьялардын учурдагы абалы жөнүндө маалыматты суратышы жана төмөнкү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн конкреттүү суроо-талаптарды жөнөтүшү мүмкүн:

- жаңы жагдайлар кабыл алынганбы, зайым каражаттары тартылганбы же кепилчилик келишимдери түзүлгөнбү;
- активдерди сатуу ишке ашырылганбы же пландаштырылганбы;
- капиталды көбөйтүү же карыздык инструменттерди чыгаруу орун алганбы, мисалы, жаңы акцияларды же облигацияларды чыгаруу, ошондой эле бириктирүү же жоюу жөнүндө макулдашуу түзүлгөнбү же пландаштырылганбы;
- мамлекет тарабынан кандайдыр бир активдер конфискацияланганбы же жок кылынганбы, мисалы, өрт чыгуунун же селдин жүрүүсүнүн кесепетинен.
- шарттуу жагдайлар менен байланышкан кандайдыр бир окуялар орун алганбы;
- кандайдыр бир адаттан тыш бухгалтердик түзөтүүлөр жүргүзүлгөнбү же пландаштырылганбы.

- финансылык отчеттуулукту даярдоодо колдонулган эсеп саясатынын тиешелүү мүнөзүнө шектенүү жараткан кандайдыр окуялар орун алганбы (жана келечекте ушундай окуялардын келип чыгуу мүмкүндүгү барбы), мисалы, эгерде ушул окуялар ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү жөнүндө божомолдорду колдонуунун мыйзамдуулугуна суроо жаратса.
- бааланууччу маанилерди эсептөөгө же финансылык отчеттуулукта чагылдырылган резервдердин суммаларына таасир этүүчү кандайдыр бир окуялар орун алганбы;
- активдердин ордунун толтурулушуна таасир этүүчү кандайдыр бир окуялар орун алганбы.

*Протоколдор менен таанышуу* (7(с)-пунктун караңыз)

Мамлекеттик сектор ишканаларынын өзгөчөлүктөрү

A10. Мамлекеттик сектор ишканаларында аудитор мыйзам чыгаруу органында өткөрүлгөн тиешелүү угуулардын протоколдору менен таанышып жана протоколдору али бериле элек угуулардын жүрүшүндө каралган маселелер боюнча суроо-талап жөнөтө алат.

**Аудиторго аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин белгилүү болгон фактылар**

*Башка маалымат аудитордук корутундунун күнүнөн кийин алынган учурдагы кесепеттер* (10-пунктту караңыз)

A11. Аудитор аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин финансылык отчеттуулук боюнча кандайдыр бир жол-жоболорду аткарууга милдеттүү эмес болсо да, АЭС 720 (кайра каралган) аудитордук корутундунун күнүнөн кийин алынган башка маалымат боюнча талаптарды жана көрсөтмөлөрдү камтыйт, ага аудитордук корутундунун күнүнөн кийин, бирок финансылык отчеттуулук чыгарылган күнгө чейин алынган башка маалымат киргизилиши мүмкүн.

*Жетекчиликтин аудитордун алдындагы милдеттенмелери* (10-пунктту караңыз)

A12. АЭС 210до түшүндүрүлгөндөй, аудитордук тапшырманын шарттары жетекчиликтин ага аудитордук корутундунун күнү менен финансылык отчеттуулук чыгарылган күндүн ортосундагы мезгилде белгилүү болгон жана финансылык отчеттуулукка таасир этиши мүмкүн болгон фактылар жөнүндө аудиторго маалымдоо милдеттенмесин карайт..[10]

*Кош күн коюунун шарттары* (12(а)-пунктун караңыз)

[10] АЭС 210 «*Аудитордук тапшырмалардын шарттарын макулдашуу*», A24 пункту

ISA

A13. 12(a)-пунктунда баяндалган учурларда аудитор ушул өзгөртүүгө тийиштүү кошумча күндү көрсөтүү үчүн аудитордук корутундуга өзгөртүү киргизет. Жетекчилик тарабынан финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин даярдалган финансылык отчеттуулук боюнча аудитордук корутундунун күнү сакталат, анткени ал отчеттуулукту пайдалануучуларга ушул финансылык отчеттуулукка карата аткарылган аудитордун ишинин аяктаган учуру жөнүндө маалымдайт. Бирок аудитордук корутундуда отчеттуулукту пайдалануучуларга көрсөтүлгөн күндөн кийин аткарылган аудитордук жол-жоболор финансылык отчеттуулуктагы андан аркы өзгөртүүлөргө гана тиешелүү болушу керектиги жөнүндө маалымдоо үчүн кошумча күн көрсөтүлөт. Төмөндө ушундай кошумча күндүн колдонулушун иллюстрациялоочу мисал келтирилет.:

> (Аудитордук корутундунун күнү), Y Эскертүүсү боюнча корутундудан тышкары, анын күнү болуп (Y Эскертүүсүндө баяндалган өзгөртүүгө карата гана аткарылган аудитордук жол-жоболордун аякташынын күнү) саналат.

*Жетекчилик тарабынан финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө талаптардын жоктугу* (13-пунктту караңыз)

A14. Кээ бир юрисдикцияларда мыйзамга, ченемдик актыга же финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясына ылайык жетекчиликтен өзгөртүлгөн финансылык отчеттуулукту чыгаруу талап кылынбашы мүмкүн. Бул көп учурда кийинки мезгил үчүн финансылык отчеттуулукту чыгаруу мөөнөтү жакындаган учурларда орун алат, бирок мында ушул отчеттуулукта тиешелүү маалымат ачылат деген шарт болот.

Мамлекеттик сектор ишканаларынын өзгөчөлүктөрү

A15. Жетекчилик мамлекеттик сектор ишканаларынын финансылык отчеттуулугуна өзгөртүүлөрдү киргизбегенде, 13-пунктка ылайык көрүлүүчү чаралар иерархиялык отчеттуулук түзүмүндө мыйзам чыгаруу же башка тиешелүү оргaндын финансылык отчеттуулук жана аудитордук корутунду үчүн отчеттук күндөн кийинки окуялардын кесепеттери жөнүндө өзүнчө маалымдоосун камтышы мүмкүн.

*Аудитордук корутундунун колдонулушуна жол бербөө максатында аудитордун иш-аракеттери* (13(b)-пунктун караңыз

A16. Аудитор жетекчиликке финансылык отчеттуулукту чыгарууга болбой тургандыгы жөнүндө билдирип жана жетекчилик буга макул болсо да, аудитордон кошумча юридикалык милдеттенмелерди аткаруу талап кылынышы мүмкүн.

A17. Эгерде жетекчилик аудитор ага финансылык отчеттуулукту үчүнчү жактар үчүн чыгарууга болбой тургандыгы жөнүндө билдиргендигине

карабастан финансылык отчеттуулукту чыгарса, аудитордун финансылык отчеттуулук жөнүндө аудитордук корутундунун колдонулушуна жол бербөө үчүн багытталган аудитордун иш-аракеттер тартиби аудитордун юридикалык укуктарына жана милдеттенмелерине жараша болот. Андыктан аудитор юристтин кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууну максатка ылайыктуу деп эсептеши мүмкүн.

**Аудиторго финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин белгилүү болгон фактылар**

*Башка маалымат финансылык отчеттуулук чыгарылгандан кийин алынган учурлардагы кесепеттер* (14-пунктту караңыз)

A18. Аудитордук корутундунун күнүнөн кийин алынган башка маалымат боюнча аудитордун милдеттери АЭС 720да (кайра каралган) каралат. Аудитор финансылык отчеттуулук чыгарылган күндөн кийин финансылык отчеттуулук боюнча кандайдыр бир аудитордук жол-жоболорду аткарууга милдеттүү болбосо да, АЭС 720 (кайра каралган) аудитордук корутундунун күнүнөн кийин алынган башка маалымат боюнча талаптарды жана көрсөтмөлөрдү камтыйт..

*Жетекчилик тарабынан финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө талаптардын жоктугу* (15-пунктту караңыз)

Мамлекеттик сектор ишканаларынын өзгөчөлүктөрү

A19. Кээ бир юрисдикцияларда мыйзамдардын же ченемдик актылардын талаптарына ылайык мамлекеттик сектор ишканаларына өзгөртүлгөн финансылык отчеттуулукту чыгарууга тыюу салынышы мүмкүн. Бул учурда аудитор үчүн тиешелүү иш-аракеттердин тартиби мыйзамда каралган тиешелүү органга маалымдоо болушу мүмкүн.

*Аудитордук корутундунун колдонулушуна жол бербөө максатында аудитордун иш-аракеттери* (17-пунктту караңыз)

A20. Эгерде аудитор корутундунун колдонулушуна жол бербөө максатында чараларды көрө тургандыгы жөнүндө ишканага алдын ала билдиргендигине карабастан ишкана тарабынан чыгарылган финансылык отчеттуулук жөнүндө аудитордук корутундунун колдонулушуна жол бербөө үчүн жетекчилик же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар зарыл чараларды көрө алган жок деп аудитор эсептесе, аудитордун иш-аракеттер тартиби анын юридикалык укуктарына жана милдеттенмелерине жараша болот. Андыктан аудитор юридикалык консультация сурап кайрылууну максатка ылайыктуу деп эсептеши мүмкүн.

ISA